DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 9, 2019

*Халилова Т.Т.*

# ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН ЫК-ЖОЛДОРУ МЕНЕН КАРАЖАТТАРЫ

*Халилова Т.Т.*

# СРЕДСТВА И МЕТОДЫ ИНТЕГРАЦИОННОГО ОБУЧЕНИЯ

*T.T. Khalilova*

# MIENS AND METHODS OF INTEGRATION TRANING

*УДК: 371.3[575.2](04)*

*Бул макалада кыргыз тили кыргыз адабиятындагы Ч.Айтматовдун “Ак-Кеме” повести менен интеграциялан-ган жана интеграциялоонун ык-жолдору жөнүндө сунуштар берилген. Кыргыз тилин интеграциялоо көпчүлүк учурда тексттер аркылуу ишке ашат. Көркөм чыгармадан алынган тексттерди колдонуу менен аларды азыркы жашап жаткан коом менен байланыштырып, жаман менен жакшыны, ак менен караны ажыратып жакшы жолго түшүүгө үйрөнүшөт. Интеграциялап окутуу – азыркы учурдун талабына ылайык эң керектүү ыкма болуп саналат. Предметтерди интеграциялоо менен бирге окуучулар дүйнөнү бир бүтүн нерсе катары окуп үйрөнүшөт. Окутуунун бул ыкмасы окуучулардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн кеңейтип, активдүүлүккө, акыл-эстүүлүккө, алган билимдерин практикалап көрүп, аны эс-тутумунда сактоого, баатырдыкка, гумандуулукка, толеранттуулукка, педагогикалык жактан да, психологиялык жактан да, туура тарбиялоого багыт берет.*

***Негизги сөздөр:*** *интеграциялап окутуу, фразеологизм, окуучу, сөз, тил, кыргыз тили, кыргыз адабияты, текст.*

*В этой статье кыргызский язык был интегрирован с кыргызской литературой, а именно с повестью "Ак Кеме" Ч. Айтматова, так же в статье были даны рекомендации по методам интеграционного обучения. Интеграция кыргызского языка в большинстве случаев осуществляется с помощью текстов. Связывая с современным обществом тексты, взятые из произведений они учатся делать различие между хорошим и плохим, добром и злом и находить правильный жизненный путь. В наше время интеграционный метод обучения очень полезен и необходим для всех учащихся. Изучая предметы интеграционным методом, студенты могут изучить весь мир как единое целое. Этот метод обучения расширяет мышление студентов, побуждает их к активности, разумности, применению полученных знаний на практике и запоминанию этих знаний, к героизму, гуманизму, толерантности, воспитанию как педагогически, так и психологически.*

***Ключевые слова:*** *интеграционный метод обучения, фразеологизм, ученик, слово, язык, кыргызский язык, кыргызская литература, текст.*

*In this article the Kyrgyz language was integrated with the Kyrgyz literature, namely with the agenda "Ak Keme" by K. Aitmatov, as well as recommendations on methods of integration training were given in the article. In most cases, the Kyrgyz language is integrated through texts. By linking with modern society texts taken from works they learn to make a distinction between good and bad, good and evil and find the right life path. Nowadays the integration is very useful and necessary for all pupils. Studying integration of objects students can study the world as a unit. Such method of tutoring channelizes students to be keeping an open mind, to be active, to be smart, to practice and remember the acquired knowledge, induces to courage, humanity, tolerance, to be well-mannered pedagogically and psychologically.*

***Key words:*** *integration method of tutoring, phraseological unit, pupil, word, language, Kyrgyz language, Kyrgyz literature, text.*

Кыргыз тили менен кыргыз адабиятын интеграциялап окутууда окуучулар бир эле мезгилде тарбия да, билим да алышып, алардын акылдары, жан дүйнөлөрү азык алуу менен алардын азыркы жашап жаткан коомго карата көз караштары өзгөрүп, түшүнүктөрү дүйнө таанымдары жанданат. Бул пред-меттердин бири пайдубал, негиз болсо, экинчиси ага ачкыч болуп көптөгөн сырларды камтыган тексттерди колдонуу менен ага талдоо жүргүзүшүп, алардын ички проблемаларын изилдөөгө багыт алат. Мугалим кандайдыр бир педагогикалык идеяны издөө аркылуу сабак өтүүгө тийиш. Педагогикалык идея бул – табылга, бул чоң ачылыш болуп эсептелет [1]. Мугалим өзүнүн сабакты өтүүдө алдына койгон идеясын ишке ашыруу үчүн, тынбай изденүүсү керек, ар түрдүү материалдарды, мисалдарды колдонуусу зарыл. Ошентип идеяны ишке ашырууда предметтерди интеграциялоо менен окутууда мугалим максатына жетет го деген ойдобуз.

Предметтер аралык интеграция сабакты ачып берүүдөгү эң негизги жол катары каралып, алардын ички байланышын тереңдетип, предметтердин бири – биринен көз каранды экендигин айгинелейт. Айрыкча

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



кыргыз тили менен адабияты тыгыз байланышта болуп, биринин мазмунун экинчи предметтин мазмуну менен интеграцияланганда өтө көп ачылыштарды ачууга жардам берет.

Турмушта карама-каршылыктар менен атаандаштыктар адамдар арасында аябай көп кездешет. Атаандаштыктар менен карама-каршылыктардын жаралуусу көптөгөн ийгиликтердин пайда болушуна алып келет экен. Муну биз кыргыз тилиндеги фразеологизмдерди кыргыз адабиятындагы Ак-кеме повестин өтүү менен текшерип көрөйлүк:

Сабактын темасы: Фразеологизмдер. Ак-кеме повести.

Сабактын максаты: а) Билим берүүчүлүк: фразеологизмдерди өтүү менен Ак-кеме повестине талдоо жүргүзүү. Фразеологизмдер, макал-лакаптар жөнүндө түшүнүк алып, бир эле сабактын ичинде антоним, синоним, омонимдер интеграциялап кайталап өтүү. Ак кеме повестин талкуулоо;

б) Тарбия берүүчүлүк: адамдардагы оң жана терс сапаттар жөнүндө түшүнүк алуу, улууну урматтоого, кичүүнү ызаттоого, ак иштеп ак жүрүүгө, ыплас иштерден алыс болуу, терс сапаттардан арылууга үйрөнүү;

в) Өнүктүрүүчүлүк: фразеологизмдерди катыштырып текст түзүүгө үйрөнүү, алган билимдерин практикалап көрүү, таза, так, орфографиялык жактан да, грамматикалык жактан да туура жазууга үйрөнүү, көркөм сөз каражаттарын колдонууга калыптануу, өз оюн кеңири айтууга көнүгүү.

Сабактын ыкмасы: интеграциялап окутуунун аралаш тиби.

Сабактын жабдылышы: сүрөттөр, маркерлер, скотч, кагаз, кайчы, клей, буклеттер. Компьютердин жардамы менен «Ак-кеме» повестинен үзүндү көрсөтүү.

Сабактын жүрүшү: Уюштуруу;

- Амансыңарбы балдар? Мен бүгүн силерге карама-каршылык деген бул эмне?





- Мына бул төрт бурчтуктардын ичине эки карама-каршы келген кесиндилерди жүргүзүү менен эки үч бурчтук, эки беш бурчтукту тапкылачы.

- Көрдүңөрбү эки карама-каршы келген түз сызыктарды жүргүзүү менен эки үч бурчтуктарга жана беш бурчтуктарга ээ болдук.

- Үч бурчтуктар жана төрт бурчтук, беш бурчтуктардын аныктамасын билесиңерби? Силерге кандай геометриялык фигуралар жагат?

- Бул үч жана беш бурчтуктардын артында силер үчүн табышмактуу сүрөттөрдүн кесиндилери жайгашкан, мен ар бир партага экиден үч бурчтуктарды жана экиден беш бурчтуктарды берем, силер алардын артындагы сүрөттөргө карап фразеологизмдерди катыштырып сүйлөм түзөсүңөр.

- Кана ар бириңер өз сүрөтүңөрдү карагылачы тааныш сүрөттөр бекен?

- Албетте бул сүрөттөр силерге аябай тааныш сүрөттөр, биз бүгүн текст түзүү аркылуу «Ак-Кеме» повестине талкуу жүргүзөбүз.

- Үч бурчтуктарды кара маркер менен боёп алабыз, беш бурчтуктарды болсо ак бойдон калтырабыз. Эки түз сызыктын кесилиши сыяктуу эле турмуштагы карама-каршы кесилиштер бул ак жана кара сызыкчалар.Силер фразеологизмдерди колдонуу менен үч бурчтуктары бар окуучулар повестте берилген, сүрөтүңөрдөгү болгон окуяны жазуу менен текст түзөсүңөр. Ал эми беш бурчтуктары бар окуучулар ошол сүрөтүңөрдөгү окуяларды, повестте берилген, бала жакшы деп ойлогон адамдарды кошуу менен окуядагы пикир келишпестиктерди төртүнчү, бешинчи адамдарды жардамы менен оң жакка чечкенге аракет кылып текст түзөсүңөр.

Бек Борбиевдин «Ак-кеме» ырын компьтердин жардамы менен коюп берүү. Бул клиптеги сүрөттөр окуядан кабар берип окуучуларга бир эле мезгилде

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жакшы маанай тартуулоо менен бирге текст түзүүгө жардам да бере алат.

Мисалы: 1. Баланын атасы менен апасы «күлү додо болбой, оту күйүшпөй» ажырашып кетишкен.

2. «Согончогу канабай, этегинен жалгабай» Орозкул менен Бекейдин барбаган жери калбады.

Балдар түзгөн тексттерди окутуп талкуу жүргүзүп, үч буртуктары бар балдарды досканын бир тарабына, беш бурчтуктары бар окуучуларды досканын экинчи тарабына чыгарабыз да, бир тарап тексттериндеги фразеологизмдерин окуганда экинчи тарап ал кимге карата айтылганын чыгармадан таап ошол адамды доскага жазабыз да, аягында карама-каршы болгон адамдарга түз сызык жүргүзүү менен ар бир окуучу белгилеп чыгат.




Андан кийин талкуу жүргүзөбүз. Биз кайда?, кантип? жашап жатабыз, бул жашап жаткан коомубуз кайда алып бара жатат?, биз андан кантип чыгабыз? – деген суроолордун тегерегиндеги карама-каршы пикирлерди талдоо.

Кыргыз тилиндеги маанилери карама-каршы келген сөздөр эмне деп аталат эле?

– антонимдер

Мисалы:

Бала (ак ) – Орозкул (кара)

чон (момун) – кичине (орозкул)

1. Эмне үчүн Момун менен Орозкул экөөсү карама-каршылыктарды пайда кылат?

2. Бала менен Орозкул кантип карама-каршы пикирлерди пайда кылып жатат?

3. Бекей менен Орозкул эмне үчүн тынч жашай албай, коомду, жашап турган чөйрөсүн кошо булгап, каршы пикирлерди орнотуп жатат?

4. Биз карама-каршылыктарды жаратып, алар аркылуу ийгиликтерге жетип, жаман сапаттарыбызды, жаман адаттарыбызды таштап, жакшы мүнөздөргө ээ боло алсак болобу?

5. Кыргыз тилинде маанилери бирдей болгон сөздөр эмне деп аталат?

- синонимдер

Мисалы: кылмыш – күнөө

Калыстык – адилеттик

Ак – таза

Аялы – колуктусу – жары

Бак – өстүр – асыра

Биздин аттарыбыз ар түрдүү болуп, берген маанилери ар түрдүү болгону менен баарыбыз үстүртөдөн биологиялык тил менен айтканда «адам» деп аталабыз да, синонимдердей айтылышы ар башка бирок бир мааниге ээ болгон сыяктуу биз да бир мааниге ээ болуп, бир максатты көздөй албайбыз?

Кыргыз тилинде аталыштары бирдей бирок маанилери ар кандай болгон сөздөр эмне деп аталчу эле?

– омонимдер

Ак (таза, адал иштөө) – ак (түс, боёк)

Кара (так, карап тур) кара (түс, боёк)

Таза (кир эмес) – таза (коом, шайлоо)

Ат (маралдарды ат) – ат (жаныбар)

1. Биз силер да, мен да, Орозкул да, Момун да бирдей эле адамдарбыз го, эмне үчүн маанилери ар башка сыяктуу эле, максаттарыбыз ар башка болуп жатат?

2. Эмне үчүн синонимдер сыяктуу эле сырткы келбетибиз ар түрдүү болсо да алдыбызга койгон максатыбыз бирдей болбойт?

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



3. Мына көрдүңөрбү кыргыз тилиндеги маанилери карама-каршы болгон сөздөр да, башка синонимдерге, омонимдерге өтүү аркылуу маанилери өзгөрүп жатат, биз да карама-каршылыктар менен булганып бара жаткан коомубузду, жакшы коомго кантип айландыра алабыз?

4. Чыгарма эмне үчүн «Ак-кеме» аталып калган? Автор эмне үчүн кемени чыгармада балага кошулуп дүрбү аркылуу көрүүгө гана уруксат берет? Автор кандай символикалуу көрүнүштөрдү колдонгон жана алар аркылуу кандай ойду айткысы келип жатат? Эмне үчүн же балага ат коюп койгон эмес?

Чыгарма эмне үчүн «Ак-кеме» аталып калган? Биз чыгармада ак-кемени баланын дүрбүсү аркылуу гана көрөбүз, ушунча чоң чыгарманы дүрбү аркылуу көрүнүп жаткан зат менен атоо ылайыктуубу? Силер болгондо кандай тема койот элеңер? Эмне үчүн чыгармада балага ат коюлган эмес?

Көрдүңөрбү жана биз синонимдерди тапканда сөз кылгандай эле автор баланы апапак барак сыяктуу берген. Ак барак кандай таза болсо баланы да ошондой таза, али бетине эч нерсе чиймелене элек кагаз сыяктуу берген. Муну менен автордун берейин деген ою ак кагазга кандай түстүү боёкторду колдонуп сонун сүрөт тартсаң, ал сүрөтүн өз көрөрмандарын таап бүткүл дүйнө жүзүнө белгилүү болсо анда сенин ийгилигин ошол. Эгерде ак баракты жөн эле булгап, ары-бери чиймелеп таштандыга ыргытып жиберсең, анда ал эч нерсеге кереги жок болуп жөн эле жок болот. Автордун берейин деген ою да ошондо болуп жатпайбы. Чыгармада дал ошол барак катары баланы алып, аны таятасы жакшы адам кылып тарбиялап өстүрүүгө аракет кылат, бирок анын айланасындагы коом анын адам болуп өсүүсүнө тоскоолдук кылат, бут тосуулар көп болот, ар ким өз кызыкчылыгы үчүн күрөш жүргүзөт, бирөөнүн кызыкчылыгы үчүн канчалаган ак иштеген, белгилүү коомдук ишмерлер, чыгаан инсандар алардын курмандыгы болушат. 1938-жылы репрессияланган кандай чыгаан, кандай гана акылдуу биздин патриот инсандарыбыз жана андан кийинки актыктын курмадыктары болгон биздин элдин каймактары сүрөттөлгөн. Мисалы: Касым Тыныстанов, Төрөкул Айтматов, Исхак Разаков, Таттыбүбү Турсунбаева ж.б. Момун чал Орозкулдун туткунунан чыга албай кошомат кылганы сыяктуу эле азыркы жашап жаткан коомубуз да бизди ошондой булганыч жактарга жетелеп бара жатат. «Бугу эне» жомогунда берилгендей токойлор кайда кетти, мал жайылган кең жайлоолор кайда кетти чөптөн көп болгон, жайлоо эмес жашап жаткан жерибиз, ичип турган суубуз талаш маселелерди, чыр-чатакты, үрөй учурган окуяларды чыгарып жатат, Момун чал сыяктуу аргабыз түгөнүп кимге арызданышты, каяка барышыбызды билбей калып жатабыз, балага окшоп таптаза иштеген адамдар балык болуп ак кемеге сүзүп жете албай жашап жаткан коомубуздун курмандыгында калып жатат. Автордун берейин деген идеясы ушунда жатпайбы, адамдарды ойготуш үчүн бардык күчүн жумшаган.

Биз балдарыбызга тарбия берип жатканда да жашап жаткан коомубуз ага таасирин тийгизбей койбойт. Бала аркылуу автор жакшы окуп, ак иштеп, таза эмгек кылган адамдарыбызды азыркы коомдун курмандыктарын чагылдырып, ак-кемени актыктын символу катары берген, ошон үчүн кемени биз дүрбү аркылуу гана көрүп жатабыз, биз үчүн актыктын бар экени гана белгилүү, азыркы жашап жаткан коомубузда ага жетүү кыйын экенин Момун чал аркылуу чагылдырган. Момун чал аркылуу коомдо болуп жаткан нерселерди көрүп турса да, айта албаган карапайым элдерди сүрөттөгөн жана ошол элдерге кайрылуу жасаган. Орозкулга окшоп мамлекеттин мүлкүн сатып, ичип-жеп жата берсек, Момун чалга окшоп зыяны, 32+63, калат деп унчукпай кала берсек, булардын артындагы ак иштеген адамдарыбыз балага окшоп эч айласын таба албай, ак экенин далилдеп, аккемеге жетип атасын таап бактылуу болуп кете албай өзүбүздөн чыккан чыгаандарды өзүбүз жок кылып жатсак, анда биз өнүгүп, өсө алабызбы? - деген суроону окурмандарга таштайт.

Мындан сырткары автор чыгармада «үч» - деген санды аябай көп колдонгон, бул сан кандай мааниге ээ? Бул санды биз кайсы убакта кандай мааниде колдонобуз? Мисалы бир нерсени баштаардан мурда «бир, эки, үч» - баарыбыз бирдей кыймылдоого аракет кылабыз. Математикада колдонобуз, тыйындарды санаганда колдонобуз. Демек бул автордун үч санында да бир нерсе катылып жатат окшойт. Биз алдыбызда жаткан ак барактардан бардык жагы бирдей болгон төрт үч бурчтуктарды жасап алабыз да, теманын негизинде пирамида жасап, пирамиданын башына кичинекей ак-кеме жасап, ошол пирамидага чыкканга жол издейбиз, бул пирамданын башына чыгуу үчүн силер чыгармада бири-бири менен тыгыз байланышкан үч окуяны алабызда, ошол окуяны он жакка өзгөртүү үчүн суроолорду берүү менен талдоо жүргүзөбүз. Мисалы:

1. Бир айыл, үч короо, үч үй-бүлө. (канткенде бул үч үй-бүлөгө тынчтык орното алабыз)

2. Ак кеме, бала, дүрбү. (бала дүрбүдөн көргөн ак-кемеге кантип жете алат)

3. Үч киши. (бул үч киши кантип ак иштеп, бирибирин сыйлоого, урматтоого үйрөнүшөт).

4. Үч марал. (бул маралдарды атпай кантип сактап кала алабыз).

5. Кулубек, Орозкул, Момун. (Кулубектей ак, таза, иштөөгө кантип үйрөтөбүз).

6. Бекей, кемпир, Момун. (канткенде үй-бүлөлүк сезим пайда болот)

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Мына кердүңербү бир айылда болгону үч эле үй-бүлө, бирок ушул үч үй-бүлөнүн көйгөйү бүтүндөй адамдарга тиешелүү болуп тургандай. Биз жогоруда сөз кылган антоним сөздөрдүн кайсы жагын алып салсак анда булар тынчтыкта жашап, бактылуу болуп, өнүгүп, өсүп кете алат. Мисалы: Орозкул элдерден акча алып карагай кыйбаса, арак ичпесе, жакшы иштеп, Момунду биринчиден ошол айылдын аксакалы катары, экинчиден кайнатасы катары сыйлап, сабырдуу болуп, оозуна келген сөздөр менен сөкпөй, балага жардам берип окутуп, карашса, мү мкүн кудай ага да бала берер, Сейдакматка окшоп түлкүдөй жагынып элдерге кылган ишиге карап эмес жашыга карап мамиле кылса, анда бул үч үй-бүлө да жакшы жашап калат беле? Эгер силер антонимдердин терс жактарын алып салып, синоним, омонимерди катыштырып кичинекей дилбаян жазып, ал дилбаянда бул үч үй-бүлөнүн жашоосун жакшы жакка өзгөртө алсанар, анда уч бурчтуктардан пирамида жасап, актыктын желегин желбиретип койгула!

Авторго 1977-жылы «Ак кеме» повести жана ал боюнча жазылган көркөм фильмдин сценарийи үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган. Чыгармалары эң көп тилге которулган (100дөн ашык), эң көп басылган (300дөн ашык), эң көп нускада (20 миллиондон ашык) чыккан жана дээрлик бардык чыгармасы боюнча кино тартылган жана театрда коюлган, кыргыздардан 1-болуп эң көп эл аралык сыйлыктарды алган жана чет элдик көптөгөн академияларга мүчө болгон жазуучу - Чыңгыз Айтматов. ЮНЕСКОнун эсеби боюнча чыгармаларынын басылып чыгышы жана нускасы боюнча дүйнөдө алдыңкы орунду ээлейт. Китептеринин эң көп нускада чыгышы боюнча андан кийинки орун жазуучу Шүкүрбек Бейшеналиевге таандык. Германиянын Гютерстох шаарында жашаган коллекционер Питер Шонрох дүйнөнүн өтө белгилүү 500дөн ашык кишисинин кол тамгаларын жыйнаган. Бул улуу кишилердин кол тамгалары жыйналган дүйнөдөгү жападан жалгыз жана кайталангыс өзгөчө кенчте бир гана кыргыздын – Ч.Айтматовдун кол тамгасы бар.

Турмушта антонимдер карама-каршылыкты көрсөтүүчү гана сөздөр болбостон, турмуштун татаалдыгын билдирүүчү, нарктоочу боёк катары да колдонулат. Көркөм боёкчолорду пайда кылууда, коозлукту арттырууда синонимдердин, антонимдердин мааниси чоң. Мисалы:

Кээде турмуш уу берет,
Ачуусуна карабай.
Кээде турмуш кант берет,
Таттуусуна алданба.

Мындагы синонимдер жана антонимдер көркөм сөз каражаты катары колдонулган. Алардын бир мааниси түз, тике атоону туюндурса, экинчиси өтмө же образдуулук туюмду билдирип, ажыратуучу же бириктирүүчү, кооздоочу же нарктоочу боёкту түзөт [(3, 156-б.].

Бышыктоо:

1. Антонимдер, синонимдер, омонимдер кандай сөздөр болушат? Турмуштан аларды кандай убактарда кездештирет экенбиз?

2. Автор эмне учун «Бугу эне» жомогун чыгармада колдонгон? Бул жомоктогу окуя кайсы жарде болуп өткөн?

3. Ысык-Көл Кыргызстандын кайсы жагында жайгашкан? Картадан көрсөтүп бергиле.

4. Ысык-Көлдүн кантип пайда болгонун билесинерби?

5. Бала чөптөргө да мүнөзүнө жарша ат берет, алар кандай аттар эле жана автор аларды кандай максатта колдонгон?

Турмушта карама-каршы келген идеялар көпчүлүк учурда талкуу жаратып, көптөгөн ийгиликтердин пайдалуу жемиши боло алат. Мисалы: физикадан Омдун законун алып карап көрсөк карама-каршы (он жана терс иондордун) келген күчтөрдүн түртүлүүсү токту пайда кылат. Токту биз канчалаган нерселерге пайдаланабыз: караңгыда жарык кылуу үчүн фонариктерди, лампочкаларды; үшүгөндө үйдү жылытуу үчүн электр мештерин, ачка калганда бир нерсе жасап жеш үчүн духовкаларды, плиталарды, чаңкаганда чай ичүү үчүн электрочайниктерди пайдаланабыз. Булардын бардыгы карама-каршы күчтөрдүн түртүлүүсүнүн натыйжасында ишке ашып жатат.

Карама-каршылыктар жерде же болбосо адамдар арасында эле болбостон, асманда да планеталар арасында да болот экен. Космосту изилдөөнүн негизинде ачылган ачылыштардын бири уран планетасы калган планеталарга карама-каршы айланган планете болуп саналат экен.

Ошондуктан карама-каршылыктар көпчүлүк учурда жакшы идеяларды пайда кылып, жакшы сапаттарга ээ болууда бизге түрткү болгон, башкача бир зор күч боло алат. Мисалы: Орозкулга окшогон аракеч адамдарды кээде бул жаман адам, анын колунан жакшылык келбейт десек, алар он жакка өзгөрүлүп дин жолуна түшүп, беш убак намаз окуп, башкаларды да намаз окуганга үйрөтүп, жакшы иштерди жасап оңолуп кеткен адамдарды турмушта көп эле кездештиребиз.

Үйгө тапшырма: Бул жөнүндө фразеологизмдерди кошуп чакан текст түзүп, сүрөт тартып келесиңер.Чоң ата, чоң апаңардан, атаңардан, апаңардан же болбосо башка бирөөлөрдөн сурагыла «үч» саны кандай мааниге ээ болушу мүмкүн. Көрдүңөрбү автор ушул үч үй-бүлө аркылуу кыргыздардын жашоосун чагылдырып көз алдыбызга даана тартып койду, биз кандай коомдо жашап жатабыз?, биз кайда?, эмнеге

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



баратабыз? - деген суроолорду автор бизге таштагансыйт. Кийинки сабакка чейин жакшылап ойлонуп, жообуңарды текстке камтыгыла.

Кинодогу Орозкулдун образын ким жараткан, ал чыныгы турмушта кандай адам экендигин таап,окуп келгиле.

Баалоо: Окуучулурды берген жоопторуна карата өзүлөрүнө баалатуу. Бири-бирин сындоого, биринин оюн экинчиси баалай билүүгө калыптандыруу.

Бул сабактан окуучулар кыргыз тили кыргыз адабияты, тарых, сүрөт, музыка, математика, физика, астрономия менен байланышып, бир эле учурда ар тараптуу билим алууга жетишишет. Жазуучу кандай чыгарма жазбасын, ал ким жөнүндө же эмне жөнүндө жазылганында эмес, ал кандай жазылганында. Эне тилдин өзгөчөлүгүн, синтаксисин, сөз байлыгын, ыргагын, интонациясын, тилдик нормасын туура сактап, көркөм сөз каражаттарын туура колдонуп, аны туура жайгаштыруусунда. Сүрөтчү сүрөт тартууда боектун түстөрү канчалык көп колдонуу менен ачып берсе, көркөм чыгармада аны сөз менен, асыл сөз берметтерин туура колдонуу менен жеткиликтүү кылып ачып берүүсүндө. Ошондуктан кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап өтүүдө биз көптөгөн ийгиликтерге жетебиз деген ойдомун.

Көчөдө толгон токой каталары менен илинип турган жарнактарга ар бирибиз эле күбө болгонбуз. Буга ким күнөөлүү? Кыргыз тилин билбей убагында окубаган окуучубу же ошону жеткиликтүү практика менен байланыштырып окутуп, көрсөтүп бере албаган мугалим кунөөлүүбү? Албетте биринчиден сабакты ачып бере албаган мугалим, андан кийин мугалимден кутулуу үчүн аныктамасын жаттап айтып берип баа алган окуучу күнөөлүү. Ушундай каталарды жоюуу максатында интеграциялап окутуу негизги курал болуп саналат. Кыргыз адабияты, тарых, география, табият таануу, биология, сүрөт, музыка, чет тилдери булардын бардыгын кыргыз тилисиз элестетүүгө мүмкүн эмес, себеби алар бардыгы тил аркылуу түшүндүрүлүп берилет. Ошон учун жазууда да, окууда да тилдик нормаларды туура сактоо зарыл.

Интеграциялап окутуу аркылуу окуучулар кызыгуу менен сабакка катышып, активдүү жооп берүүгө үйрөнүшсө, мугалимдер өзү жамаат менен биргеликте болууга, алар менен бирге көптөгөн жетишкендиктерге жетүүгө, өзүнүн билбеген маалыматтарын башкалардан алган маалыматтары аркылуу толуктоого, өз оюн, билгендерин башкаларга үйрөтүүгө, ортолукта иш жүргүзүүгө үйрөнүшөт. Албетте кээде коомдо болуп жаткан карама-каршылыктарды чечүүдө мисалы: ата менен баланын келишпестигин, же экөөнүн оюунун дал келбестигин кайсы бир теманын негизинде ата-энелер менен чогуу сабак өтүп, аны талкуулоого, ошол чечилбей жаткан проблеманы ортого салып, анын эмнеден улам пайда болуп жаткандыгын аныктап, аны болтурбай коюуу үчүн кандай чараларды көрүш керек, бирге ойлонуп, бирге чечүүгө аларга шарт түзүп берүү, андан дагы кызыктуу талкууларды жаратып, мектепте кандай сабак өтүлүп жаткандыгынан ата-эне кабардар болуп, үйдө бала кандай жүрүм-турумга ээ экендиги жөнүндө мугалим кабардар болуп, мугалим да балага кандай мамиле жасаганда туура болорун аңдап билип турат. Качан гана мектеп-мугалим-ата-эне чогуу иш алып барганда гана бир натыйжаны берет. Ар дайым бул үч нерсе тыгыз байланышта болуп, биргеликте иш алып баруусу зарыл. Ошондо гана бала туура тарбия алып, жакшы окууга, мектептен кийинки убактысында жаман иштерди жасап, балдар менен мушташып же болбосо биз ойлобогон жаман иштерге барбастан, убактысын туура бөлүштүрүп, туура пайдаланууга үйрөнүшөт. Ушинтип чогуу сабак өтүп, коомдо болуп жаткан проблемаларды чогуу чечүү аркылуу келечек муундардын башкалардын каталарын кайталап жаман жолдорго барбастан, ак иштеп, адал нан таап жеп, башкаларга үлгүлүү адам болуп тарбияланса, анда коомубуз аздан тазаланып олтуруп, жакшы жакка багыт алып, өз өлкөбүздүн өнүгүп - өсүүсүнө кичинеден болсо да салым кошуп баштаар элек. Интеграциялап окутуу окуу жүктөмүн эле кыскартпастан коомдо болуп жаткан проблемаларды, көйгөйлөрдү, карама-каршылыктарды чечүүгө чоң жардамын тийгизет. Айрыкча кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялоо балдардын туура өсүп жетилүүсүнө, туура тарбия алышына, туура сүйлөөгө, бирөөнүн оюн туура кабыл алууга, өз оюн кеңири түшүндүрүп берүүгө, ачык, так, даана айтууга, сөздөрдү катасыз туура жазып, тыныш белгилерин туура коюууга, көркөм сөз каражаттарын туура пайдаланууга, бирөөнүн катасын ондоого, бирөөгө жакшы мамиле жасап биргеликте иштөөгө үйрөнүп, татыктуу тарбия, билим ала алышат.

**Адабияттар:**


1. Исаков Б. “Сабат санжырасы” (Орто мектептин мугалимдери үчүн) /Исаков Б. - Б. «Мектеп» 1993. - 192 б.
2. Айтматов Ч. Ак кеме.Том 2. Повесттер. - Б.: Шам. 496 б.
3. Эгембердиев Р., С.Өмүралиев, А.Сапарбаев, В.Мусаева. Кыргыз тили.10-кл. «Билим компьютер» Бишкек, 2007.